**Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектебине**
**2022-2023** – окуу жылына балдарды биринчи класска электрондук каттоо **mektep.edu.gov.kg** сайтында төмөнкү графикке ылайык жүргүзүлөт:

Юридикалык жашаган жери боюнча

**11-апрелден саат 09:00 27-июнга чейин саат 08:59га чейин**

Чыныгы жашаган жери боюнча.

**27-июндан саат 09:00дөн баштап 10-сентябрь саат 10:00гө чейин**

Арыз берген ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн инсандыгын ырастоочу документтери (паспорт, баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк), ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн жана баланын жеке идентификациялык номери болбосо, баланы мектепке каттоого **мүмкүн эмес**!

**2022-жылдын 11-апрелине чейин** ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөр төмөнкүлөрдү даярдашы керек:

- ата-эненин паспорту;
- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- жеке идентификациялык номер (ЖИН – ата-эненин/мыйзамдуу өкүлүнүн жана баланын паспортунда көрсөтүлгөн 14 сандан турган идентификациялык номер. Ал жок болгон учурда жашаган жери боюнча калкты тейлөө борборуна (КТБ) кайрылуу керек.
- Мамлекеттик каттоо кызматынын электрондук порталында каттоо дарегинин болушун текшерүү.

Ата – эне/ мыйзамдуу өкүл баланы биринчи класска кабыл алуу жөнүндө билдирме алгангандан кийин, учурдагы жылдын **1-августунан баштап 10-сентябрынан кечиктирбестен** мектепке окуучунун тастыктоочу документтерин берүүгө милдеттүү:

- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- ата-эненин,мыйзамдуу өкүлүнүн паспортторунун көчүрмөлөрү же тиешелүү документтери;
- форма 63,форма 26 түп нускадагы мед справкалары;
- сүрөт 3*4 форматта 4 даана;
- Омс көчүрмөсү;

Программалык деңгээлдеги система жарандардын төмөнкү жеңилдетилген категорияларына артыкчылык берет:

- аскер кызматчыларынын балдары;
- бир жылдан кем эмес иштеген мектептердин мугалимдеринин жана кызматчыларынын балдары;
- кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздар;

**1 – августан баштап 10-сентябрга чейин мектепке тастыктоочу документтерди алып келбеген учурда бала 1-класска кабыл алынбайт.**